Тотукан Өскөнбаева

# Эне мурасы



УДК
ББК

Тотукан Өскөнбаева
Эне мурасы. “Бийиктик“ 2014.70 б.

Улуулардан муундан муунга уланып келаткан кыргыз өнөрү, анын ичинде улуттук буюмдар-бул элибиздин сыймыгы жана байлыгы. Бул китепте мына ушул кыргыздын улуттук кол өнөрчүлүк буюмдары жана алардын жасалышы туурасында сөз болот.

# ЧЕБЕРЧИЛИКТИН СЫРЛАРЫ

Эл ичинде бар го нечен чеберлер,
Өнөр менен жанын багып келгендер.
Бул дүйнөнүн көркү алардын колунда,
Керемет да, бардык болгон сонун да.
Санай келсек анын баарын сөзү көп,
Сөздү таштап андан көрө өзүнө өт.

Жусуп Баласагын.

Тегиздеп чийди чырмадым
Термени терип караймын.
Тегиздеп басып ыскытын,
Шырдакка көздү кадаймын.
Кылымдар өтүп кетсе да,
Калыбына келди кайрадан.
Кымбаттуу өскөн жаштарым
Үйрөнсө деп самаймын.

Тотукан Өскөнбаева

# Уздук өнөрдү аздектеп



Ал мезгилде Таш Көмүр совхозунун бир бөлүгүн «жыйырманчы» деп койчу. Тотукан Өскөнбаева мына ушул «жыйырманчыда» - Кызыл- Алма айылында 1942-жылдын күзүндө 12-сентябрда төрөлгөн. Анын артынан дагы төрт бир тууганы төрөлдү. Тотукандын атасы Токтомамат Токтоназаров өмүр бою мал чарбасында зоотехник, ферма башчысы болуп иштеди. Ал мезгилде жетекчилердин буйругу менен бир райондон, экинчи районго, же бир чарбадан экинчи чарбага которо беришчү. Анын атасы 1950-1958-жылдарда Жаңы-Жол районунда башкы зоотехник болуп иштеп жүргөндө Ленинчил- Жаш мектебинде жетинчи класска чейин окуду. Алардын үй-бүлөсү атасы кайда которулса ошол тарапка көчүп-конуп жүрүшчү. Андан соң, Ток-



томамат Токтоназаров «Таш-Көмүр» совхозунун «Жыйырманчыга» ферма башчылыгына дайындалып, кошо келишти. Тотукан эже жетинчи классты «Таш-Көмүр» шаарындагы мектептен бүтүрдү да, апасы саанчы болуп иштеп, ага каралашып, шартка жараша окуусун андан ары уланта албай калды. Он эки жашка чыкканда сөйкө салып койду. Болочок жолдошу экөө кичинесинен бир айылда бирге чоңоюшту. Анын үстүнө чоң энеси Салкынайдын аталаш тууганынын баласы болучу. Жээналынын атасы Токтомаматка мурдатан эле төрт кызыңдын бирин менин балама бересиң деп жүрчү. « Мейли», деп койгон. Анан бир күнү келишип, кайын энеси кулагына сөйкө салып жатканда алигиче бала бойдон жүргөн кыз эч нерсени түшүнгөн жок. Бирок, экөө бирин бири балалык сезими менен жактырышчу. Улан ага минтип ыр менен кат жолдоор эле:



Тордомо жоолук салындың,
Тоорума кайдан чалдындың.
Тозоктой экен жашчылык,
Толгонуп сени сагындым.

Көзүң бир башка карагат,
Көргөндө жүрөк жалтанат.
Көрбөгөнгө көп болду,
Жүрөсүңбү саламат.

Жээналы катты кызга Тотукандын тайэнесинен берет. Кыз да уландын катына жообун тайэнеси аркылуу жөнөтөт. Он алты жашка чыкканда аны турмушка узатышты. Жээналы андан бар болгону үч жашка улуу эле. Ошол учур бир миң тогуз жүз элүү сегизинчи жылдын май айынын толуп турган мезгили болучу. Теребел кызыл-жашыл түрдөнгөн. Экөөнүн үйлөнүү тою эсте каларлык кызыктуу өттү. Атасы да, апасы да кыргыздын наркын



билишкен адамдар эле. Ошондуктан, улуттук каада-салт менен эки боз үй тигип, коoздотуп жасаткызып, өлөң айткызып, кыз узатуу кошогун коштуруп, кыргыздын каада-салтын жасашты. Ак көйнөк, кемсел кийип, башына үлпүнчөк тагынган кыз ошол күнү аябай татынакай көрүндү Жээналыга. Сайма тердик, күмүш жабдыктар менен атты жасалгалап, атасы аткарып, бакыт тилеп, бешенесинен өөп, шан-шөөкөт менен узатышты. Ошол көрүнүш жомоктогудай эле. Ат үстүндөгү түрдүү жибектен коoздолуп согулган канжыгалары самсаалап, көргөн адамга не бир башкача жакшына көрүндү. Кала берсе теребел жаз жарашыгына чулганган. Кызгалдактар кыпкызыл гүл ачкан. Дал ушул мезгилде барганына бир апта болгондо жайлоого көчүштү. «Даңканай» жайлоосуна барышмак. Ошол көрүнүш кудум эле келин көчүрүп бараткандай таризде эле. Атасы жасап берген атка койкое олтурган Тотукан кудум эле периштедей сезилди Жээналыга. Эки үй-бүлөнүн ошол кездеги көчүнүн баратышы майрамга бараткандай көрүнүш болчу. Ушул жарашыкты ансайын коштогондой кызгалдактар жаз желине сеңселип,кулунчактар өскөн



тоолор кызыл түскө оронгон.

Жайлоонун кызыгы да, түйшүгү да көп. Эң түйшүктүү жумуш бээ саамай, кымыз жасамай. Бир чети ансыз жайлоонун керемети да болбойт. Тотукан бээ сааганды кошунасы Төлөмурзанын зайыбы Айсулуудан үйрөнүп алды.

Жатарга чейин сабо бышышат. Эртең менен саарлап туруп, оймо боорсок, каттама бышырып, кымыз менен жешет.

Айсулуунун кайын энеси Асел колунан көөрү төгүлгөн чебер. Калпактан тартып, боз үйдүн бардык жасалгаларын жасайт. Эгерде бир буюм жасай турган болсо « Тотукан кел үйрөнгүн, аялдын кол ишин билгени жакшы», деп жанына чакырып алат. Өрмөк согуп, чий чырмап, шырдак оюп, тон бычып-тиккенди Тотукан жайлоодо жүрүп малдан бир азга бошой калса Асел эненин жанына олтура калып бат эле өздөштүрүп алды. Ага чейин апасы Сүйүнбүдөн да уздук өнөрдүн айрым сырларын үйрөнгөн. Кийин Сара таэженесинен дагы чеберчиликти , анын ичинен термени биротоло үйрөнүп, дээринде бар Тотукан дасыгып калды. Анан калса үчүнчү класста окуп жүргөн мезгилинде сүлгүгө сайма сайчу. Кызынын талантын көргөн атасы аябай кубанып, Жалал-Абадка барганда жибек жиптердин не бир түрлөрүн сатып барып берген. Ошол жип менен сүлгүгө болгар кресин сайып, бир жылда туш кийиз бүтүргөн. Ал апасынан сайма сайып, тор токуп, шырдак шырыганды мурда эле үйрөнүп алган.

Жайлоодо бээ саап, кымыз жасагандан бошогондо олтуруп алып, ээринбей, жастыкка, туш кийизге сайма сайып, өрмөк согуп, андан шалча, дикек, куржун жасап, куюшкан өрүп, басмайыл чырмап, жүн сабап, кийиз жасап, ала кийиз, шырдак кылат. Келини Тотукандын өнөрүн көргөн кайын энеси ичи жылып,ыраазы болот.





Кийинки жылы жайлоого барбай калышты. Тотукан жашылча-жемиш бригадасында эсепчи болуп иштеп жүрдү. Анан китепканага которулду. Ошондон улам Токмоктогу маданий агартуу окуу жайынын китепкана бөлүмүндө сырттан окуду. Орус тилин жакшы билчү. Китепканада отуз төрт жыл иштеди. Ошону менен бирге эле окуучуларга кол өнөрчүлүктөн сабак берип жүрдү. Ал райондук билим берүү бөлүмүнө сунуштап, анын негизинде балдар чыгармачылык үйүнүн адистери мектепте кол өнөрчүлүк ийримин уюштурушуп, таланттуу балдарга Тотукан өнөр үйрөттү.



Балалыгынан дээринде бар Тотукан чеберчиликтен сырткары ооз комузда да жакшы ойноочу.Ошондуктан, Таш-Көмүр шаарындагы балдардын музыкалык мектебинде иштеп, балдарга ооз комуздан сабак берип жүрдү. Бул өнөрдү да апасынан кичине кезинде үйрөнгөн. Апасы Сүйүнбү көп кырдуу талант эле. Жамак-

тап, түрдүү кошокторду айтып, ыр да жазчу. Оштогу теле көрсөтүү аркылуу жазган ырын окуп, ооз комузда ойноп, «Элдик Камбарканга» катышкан. Жаш кезиндеги апасынан үйрөнгөн ыры эсинде.

СЕНСИҢ БИР МЕНИН КҮТКӨНҮМ,
КЫЗЫЛ БИР ГҮЛҮ ДҮЙНӨНҮН.
АРТЫҢДА КАЛАТ ОЙЛОНСОҢ,
КАТКЫРЫП ОЙНОП КҮЛГӨНҮҢ.

СУУ БОЮНДА ТАЛДАЙЫМ,
СУУ КОШПОГОН БАЛДАЙЫМ.
СҮЙГӨНҮМ СЕНИ МЕН КҮТСӨМ,
СУУ БОЛБОЙ КУРГАЙТ ТАҢДАЙЫМ.



Бир кезде мына ушинтип ашыктык ырларын ырдаган Сүйүнбү эне сексен жети жашында оо дүйнө узап кетти.

Тотукан Өскөнбаева азыр сүйүнгөндө, капаланганда шурудай тизилип, дилине ырлар, көркөм ойлор келсе айтып калат, бирок кемчилиги анын баарын жазбай калганы. Жаштыгында жөнөткөн ырлары «Ленин -Жолу» гезитине чыкчу. Бир окуядан кийин жазбай калды. Ырларын жөнөтүп, жооп күтүп жүргөн. Бир күнү почтоочу анын колуна бир конвертти карматты. Ача салып, чочуп кетти.

« ГОНОРАРЫҢЫЗДЫ ШАМАЛДЫ-САЙ ПОЧТАСЫНАН АЛЫҢЫЗ. МЕН СИЗДИ ЖАКШЫ КӨРӨМ». УШУЛ ЖАЗУУЛАРДЫ ОКУДУ ДА, АЙРЫП САЛДЫ. БУЛ КАТ КҮЙӨӨСҮНҮН КОЛУНА ТИЙСЕ, БАЛКИМ ТАЯК ЖЕМЕК БЕЛЕ. ОШОЛ ОШОЛ БОЛДУ, ГЕЗИТТИН БЕЛГИСИЗ

ТЕНТЕК ЖИГИТИНИН ТАМАШАСЫ, ЧЫНЫБЫ, АЙТОР ОШОЛ ЖООБУНАН СОҢ, ЫР ЖАЗГАН ШЫГЫНА ЧЕКИТ КОЮЛДУ.

Бирок, чеберчилигин өтө берилгендик менен улантты. «Колумдун каруусу кетип, кудуретим жетпей калганча өнөрүмдү жаштарга үйрөтөм» деген максатына жетишти. Үч жүздөй кыз-келинди кол өнөрчүлүккө үйрөттү. Алдыңкы окуучулары терме боюнча республикалык сынакта баш байгеге жетишти.Кыргыз өнөрүнүн дүйнөгө жайылышына салым кошкусу келет. Дал ушул максатта Турциянын Измир шаарына барып, республикадагы кырк эки боз үйүнүн ичинен онун, андан бирөө өзүнүкүн жер титирөөдө жабыркаган элге тигип берип келди. Бир нече жолу Алма-Атада, Ысык -Көлдө өткөрүлгөн кол өнөрчүлөрдүн көргөзмөлөрүнө, «Бешик ыры», «Оймо« фестивалдарына,Ысык-Көлдө өткөн «Көчмөндөр оюнуна» катышты. « Бешик ыры» деп аталган дүйнөлүк фестивалга 15 мамлекеттен өнөр адамдары катышкан. Бул фестивалда чебер колунан жасалган бешик жана кыргыз улуттук буюмдары атайын Москва шаарынын музейине сатып алынды. Тажрыйба алмашуу максатында Американын бир нече кооз шаарларында, курортторунда, окуу жайларында, кол өнөрчүлүк ишканаларында, соода жайларында болду. Мына ушуну менен кыргыз өнөрүн чет өлкөлөрдө таратты. Кайсыл жерде болбосун кыргыздын улуттук буюмдарын ала барып, кыргыз өнөрүн





жайылтып жүрдү. Турцияда өткөрүлгөн эл аралык фестивалга эки ирет буюмдары менен жана 2010-жылдын август айында Кытай мамлекетинин Шанхай шаарында өткөрүлгөн «экспо» бүткүл дүйнөлүк көргөзмөсүнө өз колу менен жасаган улуттук буюмдары менен катышты. Кубанычтуусу ал кыргыздын улуттук өнөрүнүн чыныгы чебери катарында барып, буюм жасоону ошол жеринде көрсөттү. Келери менен бир айдан соң, Бишкек шаарында өткөрүлгөн Орто-Азия мамлекеттеринин чеберлеринин арасында уюштурулган «Оймо-2010 » фестивалына катышты. Кайсыл учур, кайсыл мезгил болбосун Бишкекте өткөрүлгөн республикалык кароолорго үзгүлтүксүз катышып, диплом,ардак грамота, баалуу сыйлыктарды алып келет. Эң негизгиси улуттук буюмдарды жасоонун чыныгы чебери катарында чакырылган сайын жаштарга кыргыз кол өнөрчүлүгүндөгү жип менен иштөө ыкмаларын үйрөтөт. Мындан тышкары областта мамлекеттик тилди байытууга да салым кошуп келет. Себеби, жыл сайын кыргыз тил майрамдарында жасалгалап боз үй тигип, анын ичине улуттук кийим кийген мектеп окуучуларына кыргыздын улуттук буюмдарын жасатып отургузуп койгондо аны көргөндөр бир чети суктанышса, бир чети таң калышат. Анын мындай эмгеги Кыргыз республикасынын алдындагы тил комиссиясы тарабынан нечен курдай бааланды.

Улуу мурастарды балдарга үйрөтүү үчүн мектепке кол эмгек сабагында кол өнөрчүлүгү сабагын киргизүү керек дейт. Муну менен кыргыздын каада-салттарын, үрп-адатын кийинки муундарга калтырууга жетишкен болор элек. Дагы жер-жерлерде кызыккандарды окутуп, атайын чеберчилик адистигин берүү керек.



Мунун негизинде жумуштуулук комитети менен ишканаларды ачып, жумушчу орунун түзүүгө болот. Анткени, бүгүнкү күндүн келин-кыздарынын баары эле муундан-муунга калуучу нукура эне мурастарын жакшы билишпейт.Ошондуктан, мектептерде кол эмгек сабагына кыргыз кол өнөрчүлүгүн сабак катарында киргизүү керек дейт. Аны көп ирет массалык маалымат каражаттарында айтып, тийиштүү жетекчилерге кайрылган. Бирок, жергиликтүү билим берүү тармагы аны колдогон жок. Бул максатта республикалык билим берүү министрлигине мектептерде кол эмгек сабагына кыргыз кол өнөрчүлүгүн киргизүү үчүн өзүнүн иш тажрыйбасын сунуш кылды. Алар анын бул сунушун колдошуп, эң алгач райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү жана мектептердин директорлору менен бирдикте чечиминңерди билдиргиле деп жооп беришти.

Айыл жериндеги көл өнөрчүлүгүнө кызыккан жумушсуз олтурушкан кыз-келиндерге өнөр үйрөтүү багытында Шамалды-Сай шаарчасында, Таш-Көмүр шаарындагы Теңдик айылына миграция жана жумуштуулук комитети менен бирдикте атайын ишкана ачууга жетишти. Эми Жалал-Абад, Майлуу-Суу шаарларында, Ноокен районунун Ношкен, Аксы районунун Кызыл-Жар айылдарына ишкана ачуу ниетинде турат. Анан да кыргыздын боз үйүнүн жасалгалгасы,терме,





сайма, кийиз, курак, шырдак, улуттук кийимдер, буюмдар жана сувенирлер боюнча усулдук китептерин чыгаруу ою бар. Жалал-Абад шаарынын Көк-Арт кичи районунда кыргыз улуттук өнөрчүлүк этнографиялык борборун куруу максатында турат.

Кол өнөрчүлүктүн чебери,Баатыр эне Тотукан Өскөнбаева кыргыз өнөрүн өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн

« МАНАС -1000»,»КЫРГЫЗ ТИЛ» , « ЭМГЕК АРДАГЕРИ», «БААТЫР ЭНЕ», КЫРГЫЗ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ БОЮНЧА АТАЙЫН МЕДАЛ,ТӨШ БЕЛГИЛЕР МЕНЕН СЫЙЛАНГАН, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН « ЭЛ АГАРТУУНУН ОТЛИЧНИГИ». КЫРГЫЗДАРДЫН БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КУРУЛТАЙЫНА ӨЗҮ ЖАСАЛГАЛАГАН БОЗ ҮЙҮ МЕНЕН КАТЫШЫП ДИПЛОМДОРГО ТАТЫКТУУ БОЛГОН.

Кыргыздын кол өнөрүлүк буюмдарын чет өлкөгө чыгарып, дүйнөлүк рынокто орун табышына жетишүү зарыл. Кийген кийимибизден тартып, колдонгон буюмдарыбызга чейин элибиздин улуттук мүнөзү байкалып турушу керек деп эсептейт.

-Кол өнөрүлүк буюмдарын жасоонун шарапаты менен көп жерде болдум дейт,-Тотукан эже. Америка,Турция,Кытай,Чехословакия, Венгрия, Англия, Франция, Индия, Казакстан, Өзбекстан,Тажикстанда болдум.

« БЕШИК ЫРЫН » ЫРДАП, АТАЙЫН ФИЛЬМГЕ ТАР-

ТЫЛДЫК. МОСКВАЛЫК ОРУС ИШКЕРИ ВЛАДИМИР ЫСЫК-КӨЛДӨ 30 БОЗ ҮЙ ЛАГЕРИН ТИГИП, ФЕСТИВАЛ ӨТКӨРДҮ. АЛ ЖЫЛ САЙЫН БОЗ УЙ ЭС АЛУУ ЛАГЕРИН УЮШТУРАТ.

- Ошол фестивалга катышып олтуруп, жакшы таасирлерди алып бир кубанса, орус адамынын кыргыз жигиттери жасабаган бул улуу иштин жасап олтурушу экинчиден кейитти. «Биз кыргыздар өз өнөрүбүздү барктай албайт турбайбызбы. Бул биздин улуттук намысыбыздын жоктугу. Акыл-эстүүбүз дегендер баш болуп, баш кийимибизди сыртка чейин белек кылабыз. Алар кайда, кантип сактайт, аны менен ишибиз жок. Эгерде кайсыл бир учурда тебелендиде калышы да мүмкүн. Кыргыздын ак калпагынан башка белек табылбайбы. Өзүбүздүн кийимибиз бар туруп, башка улуттун кийимин кийебиз. Тилде эмес, дилибизде жан дүйнөбүз менен кыргыз өнөрүн барктасак, баалласак, улуттук намысыбызды сактаган болор элек «,-дейт.

Ал мына ушул кол өнөрчүлүктүн шарапаты менен Барпы атанын 120 жылдыгына, Жеңижоктун маарекесине, Жалал-Абад шаарынын 120,130 жана Курманбек Баатырдын 500 жылдыгына, «Ош 3000ге, Курманжан датканын 200 жылдыгына, «Манас 1000ге«, Токтогулдун 150 жылдыгына, кол өнөрчүлөрдүн бир нече сьезддерине,боз үйлөрдүн конкурсуна, кол өнөрчүлүк боюнча көп ирет сынактар менен фестивалдарга катышып,жеңүүчү болуп, нечен курдай Ардак грамота, дипломдор менен сыйлангандыгы туурасында айтсак узак сөз болот.Туризм боюнча семинарларга,андагы көргөзмөлөргө кол өнөрчүлүк буюмдары менен көп ирет катышкан. Ар жылы «Оймо« фестивалдарына катышат. Ал көргөзмөлөрдө анын колунан жасалган буюмдар чет өлкөлөргө чейин сатыкка кеткен. Ал дайыма жанында эриш-аркак болуп жүргөн,ысык-суугуна күйүп, ийгиликтерине көмөктөш болгон, шакирттери- Дилбар, Чынара, Гүлмира, Арзыкан, Роза Асранова, Гүлнур,Дамира, Сайкал, Авакан, Салима, Айнаш,Айт олкун,Фарида,Наргиза,Нурила, Роза Токтоназаровага деги аны менен кызматташ болуп,кыргыз өнөрүн баалагандарга терең ыраазы экендигин кошумчалады.

М.Закирова.

# КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК БУЮМДАРЫ

## БОЗ ҮЙ



Ак учук менен суп манат,
Үзүгүнө жаптырган.
Босогонун сыртына,
Болоттон чеге кактырган.
Керегенин боюна,
Каухардан чеге бастырган.
Ууктарын учтаган,
Туурдуктун барысын,
Учугу менен тыштаган
Түндүгүн алтын чаптырган.
Кабылан Манас кирет деп,
Салтанатын арттырган.
(«Манас» эпосунан)

Боз үй бул чабандын гана баш паанасы эмес. Бул-элдин тарыхы, үй-бүлө ыйык туткан эстелик. Ар бир кыргыз баласынын, мейли шаардык болсун, бала чагынын образы. Анткени, ар бир шаардык кыргыздын тамыры тоодо, демек анын балдарынын жашоосунан да айрып алгыс.

Ак өргө- бул кылымдардан бери келаткан бакыт жөнүндөгү, үмүт жөнүндөгү кыялдын символу. Өткөн убакта «ак өргө», «ордо үй» хандын, көчмөн элдин мыктыларынын хан сарайы, ак өргөөсү болгон. Ал эми кедейлер болсо, аны ыш баскан кара алачыктарынын жыртыктарынан гана карап көрө алышчу.

Останкино менен Шереметово барыдан мурда орустун кара таман калкынын таланты менен эмгегинин символу болсо, мезгил ак өргөнү да кыргыздын усталары менен уздарынын эң мыкты чыгармаларынын бирине айландырды. Андай уздар,зергерлер элде дайыма болуп келген, бар жана боло бермекчи.

Ошондуктан, ак өргө кыргыздардын чыныгы үйү. Ак өргө-бул кыргыздын оймо-чиймесинин үйү.

Боз үйдүн тарыхы туурасында учкай баяндоо менен биз аны жасоонун жана жасалгалоонун жолу туурасында айтмакчыбыз.

## Боз үйдү тигүү



Дасыккан уста боз үйдүн жыгачын жыйырма беш күндө жасайт, боз үй болсо чейрек кылым чыдайт. Жыл бою тынымсыз улам бир жерден экинчи жерге көчүп жүргөн шартта мынчалык узак чыдоо -архитектуралык конструктивдик ойдун жогорку деңгээли менен түшүндүрүлөт.

Боз үйдү курууда алгач керегe жайылып, босого менен бириктирилет. Андан сон, керегe баш чалгы чалынып, желбоо байлап,эркек түндүктү көтөрөт. Уук уланып, ага тизгич тизилип, чий каланат. Жаак башы чабылып, турдук каланып, эшик тышталып,үзүк жабылат. Сыртына төтөгө тартылат, кырчоо чырмалат. Ошентип, боз үй орнотулат.

Боз үй кара талдан жасалат. Алты канат боз үй 120 башууктан, бир түндүктөн, бир эшиктен турат.

## Боз үйдүн жабуусу

### Алты канат боз үйдүн жасалгасы үчүн кеткен буюмдар.

21 метр чий,боз үйдүн эшиги үчүн 4 метр термпе боо жана 3



метр оймо түшүрүлгөн кийиз.

Эки үзүк,үч туурдук,бир түндүе.

Үзүк үчүн сыртына, алты метрден алты, ичине беш метрден алты боо.

Ар бир туурдукка беш метрден алты боо.

Ал эми 120 уук боо,25 метр тизгич,

20 метр кереге баш чалгы,

21 метр кырчоо, ар бири 3 метрден эки желбоо, ар бири 1 метрден эки чаян-желбоо.

20 метр жаак баш,20 метр тегирчек.

20 метр төтөгө.20 метр кичине төтөгө.

## Боз үйдүн ичине илинүүчү буюмдар

Боз үйдүн оң тарабына эркектерге типшелүү буюмдар коюлат. Алар ат жабдыктары, куржун, букары, же терме тар тартылат. Андан кийин жапсар баштык илинет. Жапсарга эркектин баш кийими коюлуп, баштыкка кийим-кече салынат. Андан ары жиптен чалма чалып,зымдан жасалган китеп текче илинет.Төргө текче жасалып,үстүнө термеден жүк жапкыч жабылып,жүк жыйылат.Жүк алды төр. Ал жер аксакалдар, сыйлуу меймандар олтурчу жай. Кийин келинге көшөгө тартылат. Боз үйдүн сол тарабына аялдарга тиешелүү жапсар баштык илинип, сай-



ма, же курак туш кийиз тартылат. Андан кийин бешик коюлат. Керегенин башына тарак салгыч, баштык, кол куржун,нан салуу үчүн тулп,чыны кап илинет. Боз үйдө ашкана үчүн да атайын орун болот. Анын эки тарабына алабакан коюлат. Алабаканга чай,калемпир баштык,чай туткуч илинет.

Ашкананын ичинде тамак-аштар, ашкана буюмдары турат. Туз баштык, аяк кап илинет.

БОЗ ҮЙДҮН ТӨРҮНӨ ЖЫЙЫЛГАН ЖҮКТӨН КИЙИН ЖЕРГЕ ШЫРДАК,АЛА КИЙИЗ, ТЕРМЕ ТАР, ТӨРБӨЛЖҮН САЛЫНАТ. ЖЕ ТОЛУГУ МЕНЕН ШЫРДАК САЛСА БОЛОТ. БУЛ БИР ЧЕТИ ЖАЙЫНДА САЛКЫН, КЫШЫНДА ЖЫЛУУ БОЛОТ.

ЖАЙКЫ МЕЗГИЛДЕ БОЗ ҮЙДҮН ТУРДУГУН АЛЫП КОЮП, КАЛАНГАН ЧИЙ МЕНЕН КАЛТЫРСА САЛКЫН

БОЛОТ.

БОЗ ҮЙДҮН ИЧИНЕ ШЫРДАКТЫН ҮСТҮНӨ ТЕРИДЕН ЖАСАЛГАН КӨЛДӨЛӨҢ, КУРАКТАН ТИГИЛГЕН ЖАКАНДОСТОР САЛЫНАТ.ТАМАК ИЧКЕН УЧУРДА ЫҢГАЙЛУУ БОЛСУН ҮЧҮН ХАН ТАКТА КОЮЛАТ, АНЫН ҮСТҮНӨ ДАСТАРКОН САЛЫНЫП, ТАМАК-АШТАР КОЮЛАТ.

## КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК БУЮМДАРЫ: ӨРМӨКЧҮЛҮК



ӨРМӨКТҮ КАНТИП КУРУУГА БОЛОТ? БИРИНЧИ ӨРМӨККӨ ЭРИШТИК ЖИП ДАЯРДАЙБЫЗ. АНДАН КИЙИН КЕРЕКТҮҮ ТҮСКӨ ЫЛАЙЫКТАП, БОЕК МЕНЕН БОЕЙБУЗ. АРКАКТЫК ЖИПТИ КӨТӨРҮҢКҮ ЖАНА БОШУРААК ИЙРИП, ДАЯРДАП, АНЫ ДА БОЕЙБУЗ. АЛАРДЫ КУРГАГАНДАН КИЙИН ӨЗ-ӨЗҮНЧӨ ТҮРӨБҮЗ. ЖИПТЕР ДАЯР БОЛГОНДОН КИЙИН КЕРЕКТҮҮ ӨЛЧӨМДӨГҮ ӨРМӨКТҮ КУРАБЫЗ. ТӨРТ КАЗЫК КАГЫП, ЭКИ КАЗЫКТЫН ОРТО ЖЕРИНЕ КҮЗҮК БАЙЛОО ҮЧҮН ЭКИ ЖООН ТЕМИР КАГЫЛАТ. ӨРМӨКТҮ КУРУУ ҮЧҮН ЧЫЙ-



РАТЫЛГАН ПАХТА ЖИПТЕН КҮЗҮК ДАЯРДАЛАТ.ДАЯР ТҮРҮЛГӨН ЖИПТИ КАЗЫККА ИЛМЕК КЫЛЫП БАЙЛАП, ТЕГЕРЕНИП ЖҮГҮРҮЛӨТ.

АР БИР ЖҮГҮРҮЛГӨН САЙЫН КҮЗҮК БАЙЛАНАТ. БУЛ ГҮЛ ТҮШҮРҮЛБӨГӨН ЖӨНӨКӨЙ КАКМА ТААР. БҮТКӨНДӨН КИЙИН АРАЛАШЫП КЕТПЕШИ ҮЧҮН ЖИПТИ ҮЧ-ТӨРТ ЖЕРИНЕН ЧОГУЛТУП БАЙЛАП, КАЗЫКТАН КУРУЛГАН ӨРМӨКТҮ АЛАБЫЗ. ЭКИ БЕТТЕП, КҮЗҮК БАЙЛАНГАН ЖЕРДИ БЕТИНЕ КЕЛТИРИП, БАШ ТАРАБЫНА ЖЕРГЕ БИР КАЗЫК, ТӨМӨН ЖАГЫНА ЭКИ КАЗЫК КАГЫП, ӨРМӨКТҮН БИР ҮЧҮН ЖОГОРКУ КАЗЫККА, ЭКИНЧИ ҮЧҮН ОРТОСУНАН ӨРМӨКТҮН ЭНИНЕН УЗУНУРААК ТОГОЛОК ЖЫГАЧКА ӨТКӨРҮП, ЖИП МЕНЕН ЭКИ КАЗЫККА ИЛМЕК КЫЛЫП, ТАРТЫП БАЙЛАЙБЫЗ.КҮЗҮККӨ КӨТӨРГҮЧ КОЮП, КҮЙӨӨ БАЙЛАЙБЫЗ.АНДАН СОҢ, АДЫРГЫНЫ КОЮП, АРКАКТЫ ДАЯРДАП, КЫЛЫЧ МЕНЕН ӨРМӨКТҮ СОГО БАШТАЙБЫЗ. БУЛ КАКМА ӨРМӨК ДЕП АТАЛАТ.

Эми терме өрмөк туурасында айтып берсек. Ал да какма өрмөктүн ыкмасы менен курулат.Бирок, какма өрмөктө бир жип бир жип катарында эсептелсе, терме өрмөктө эки жип бир жип деп эсептелинип, күзүк байланат.Терме жуп эмес, так эсептели-



нет. Ошого жараша биздин тандап алуубузга ылайык 5 жиптен, 7 жиптен, 23 жиптен, 46 жиптен турат.Ошентип, биздин тандап алуубузга жараша термени согуу үчүн өрмөктү курабыз да, какма өрмөк сыяктуу баш жагына күзүккө көтөрөгүч коюп, күйөө байлап, чачышка адыргы өткөрүп, аркакты даярдап, кылыч менен өрмөктү согуп, үлгүсүн түшүрүү үчүн тергич менен экиден жипти улам эки аркак өткөрүп, илип алып, термени сого беребиз.

Букары термеде ( көлдүктөр кажары дешет) какма өрмөккө окшоп, бирден жип эсептелет. Ал деле мурдагы термелер сыяктуу орнотулуп, айырмасы ар бир аркак өткөн сайын бирден жип терилет.Анын оюулары өтө майда түшүп,чоң чеберчиликти талап кылат. Дагы өзгөчөлүгү бир жип менен көп оюуларды түшүрүүгө болот.



БЕШ КЕШТЕ. АТЫ АЙТЫП ТУР-

ГАНДАЙ КАКМА ӨРМӨКТҮН БЕТИНЕ ИЙНЕСИЗ, КОЛ МЕНЕН ТЕРИП ӨТКӨРҮП,САЙМА ТҮШҮРҮЛӨТ. БУЛ ӨТӨ УЗАК МӨӨНӨТТӨ БҮТКӨРҮЛӨ ТУРГАН, КӨП ЭМГЕКТИ ТАЛАП КЫЛГАН ТАТААЛ БЕШ КЕШТЕ. АЛ ДА ӨРМӨК СЫЯКТУУ ЭЛЕ КУРУЛУП, СОГУЛАТ. БИРОК, БЕТИНЕ КОЛ МЕНЕН ӨЗҮБҮЗГӨ ЖАККАН ГҮЛДҮ САЛСАК БОЛОТ.

Эки жүздүү терме. Ал эки тарабы тең бирдей көрүнөт. Анын күзүк байлаганда бир аз айырмасы болот.

## ЖИПТЕН ТОКУЛУУЧУ ЧАЧЫКТАР



Жиптен токулуучу чачыктар да боз үйгө жана башка эмеректерге, кыскасы үй тиричилигинде колдонулат. Чалма. Беш жиптен турат. Каалаган түстөгү жиптерди тандап, чалса манжалар менен чалынат.

Тиштеп түймө. Бул илгертен келе жаткан эне мурастарынын бири. Бышык жипти дубалга, же столго тартып алып бекем байлап,атайын өлчөнгөн үч жипти тартылган жипке чалып байлайбыз. Андан кийин бир жипти ортого коюп, эки жипти эки жагынан ортодогу жипке чалып байлайбыз. Улам ушундай ыкма менен кайталап чалып олтуруп, өзүбүзгө керекүү бол-



гон үлгүнү түшүрүп алабыз. Даяр болгон чачыктардын учуна кооз жана тегиз болсун үчүн бир өлчөмдөгү кыркылган жипти бир нечеге бөлүп алып,папик жасайбыз. Акырында түшүп калбашы үчүн ал папикти чырмайбыз, бүткөндөн кийин папиктин учтарын тегиздеп кыркабыз.

ТӨКМӨЙ ЧАЧЫК. АЛГАЧ ҮЧ ТАКТАЙ ЖАСАП, БИРИН ӨЛЧӨГҮЧ БОЙДОН КАЛТЫРЫП, ЭКӨӨНҮН ТӨРТ ЖЕРИНЕ КӨЗӨНӨК ЖАСАП, БЫШЫК ИЙРИЛГЕН ЖИПТЕН 8ДИ КЕРЕКТӨӨСҮНӨ ЖАРАША ЖАСАП, КӨЗӨНӨКТӨРДӨН ӨТКӨРҮЛӨТ. АНАН ЭКИ ТАКТАЙДЫ БИРИ- БИРИНЕ БИРИКТИРИП, ТАКТАЙГА ӨТКӨРҮЛГӨН ЖИПТИН БИР УЧУН ДУБАЛГА, ЖЕ СТОЛДУН БУТТАРЫНА, БОЛБОСО ЭШИКТИН ТУТКАСЫНА БАЙЛАП, ӨЗҮНҮН БЕЛИНЕ ЖООНУРААК ЖИПТЕН БАЙЛАП, ЭКИНЧИ УЧУН БЕЛИНДЕГИ ЖИПКЕ ИЛМЕК КЫЛЫП БАЙЛОО КЕРЕК. ЭКИ ТАКТАЙДЫ ӨЙДӨ КӨТӨРГӨНДӨ ЧАЧЫШ ПАЙДА БОЛОТ . МЫНА ОШОЛ ЧАЧЫШКАН БЫШЫК ЧЫЙРАТЫЛГАН ЖИПТИ АРКАК КЫЛЫП КОЕТ. ЭКИНЧИ УЧУН ӨЛЧӨГҮЧ БОЛУП КАЛТЫРЫЛГАН ТАКТАЙГА ӨЛЧӨП, КАЙРА АРКАК КЫЛЫП, КОЛ МЕНЕН СОГУЛУП ӨТКӨРҮЛӨТ. ОШОЛ НЕРСЕ УЛАМ КАЙТАЛАНА БЕРЕТ. ӨЛЧӨГҮЧ ТАКТАЙ ЖИПКЕ ТОЛГОНДО, АЛ ЖИПТЕРДИ ЧЫГАРЫП, ӨЛЧӨМҮ БУЗУЛБАСЫН ҮЧҮН АКЫРКЫ ЭКИ ЖИП КАЛТЫРЫЛАТ. УШУЛ ЭЛЕ ЫКМА МЕНЕН ЧЫЙРАТЫЛГАН ЖИПКЕ МОНЧОК ӨТКӨРҮП, ЖАСАСА ДА БОЛОТ. ЧАЧЫК ТӨГҮЛҮП БҮТКӨНДӨН КИЙИН МОНЧОКТУ ОРТОСУНА АЛЫП БАРЫП, АР БИРИН КОЛ МЕНЕН УЧУН БАРАБАР КЫЛЫП ЧЫЙРАТУУ КЕРЕК.

ТҮЙМӨ ЧАЧЫК. МУНУ ДА КЕРЕКТӨӨГӨ ЖАРАША БЫШЫК ЖИПТИ УЗУН КЫЛЫП ТАРТЫП АЛАБЫЗ.

АНАН ИЙРИЛГЕН ЖИПТИ ТАКТАЙ ӨЛЧӨГҮЧ МЕНЕН ӨЛЧӨП, КЕСИП АЛАБЫЗ ДА, ТАРТЫЛГАН УЗУН ЖИПКЕ БИРДЕН ЧАЛЫП БАЙЛАЙБЫЗ. АР БИРИН БИР БИРИНЕ КЕРЕКӨЗ КЫЛЫП БАЙЛАЙБЫЗ. АНЫ АР ТҮРДҮҮ КЫЛЫП БАЙЛАСА БОЛОТ. БУЛ ЫКМА УЛАМ КАЙТАЛАНА БЕРЕТ. ОШОНДОЙ ЭЛЕ БҮТКӨНДӨН КИЙИН УЧУНА МОНЧОК ӨТКӨРҮП, ПАПИК ЖАСООГО БОЛОТ. АНЫ ДА ТЕРЕЗЕ, ЭШИК ПАРДАЛАРГА, ДИВАН, СТОЛ, ОРУНДУК ЖАПКЫЧТАРДЫН ЧЕТТЕРИНЕ, БОЗ ҮЙГӨ ПАЙДАЛАНСА БОЛОТ.

Жалбырактын бетинде мөлтүлдөгөн бир тамчы шүүдүрүм түптүз асманды, күмүш чегеленсиген ак мөнгүлүү тоолорду, көз жоосун алып, алоолонгон күндү карай умтулган жоогазынды чагылдырып тургансыйт.

КҮНӨСТҮҮ ТОО ЭТЕКТЕРИНДЕ ЖАЙНАГАН ЖООГАЗЫНДЫН ӨМҮРҮ БИР НЕЧЕ ГАНА КҮН,ШЫРДАКТАРДЫН КУЮЛУШКАН ОЮУЛАРЫНДА, ТУШ КИЙИЗДЕРДИН ТҮРКҮН КЫЯЛ САЛЫНГАН САЙМАЛАРЫНДА ТҮБӨЛҮК САКТАЛАТ.

КЫРГЫЗ ОЙМОЛОРУ. ФРУНЗЕ КЫРГЫЗСТАН 1986

## ЧАЯН ТҮЙҮҮ





ЭЗЕЛТЕН КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕ УУЗДАР ЧАЯНДЫ ТҮРДҮҮ БУЮМДАРДЫ КООЗДОО ҮЧҮН ПАЙДАЛАНЫШКАН. АЛ БААРЫНЫН ЭЛЕ КОЛУНАН КЕЛЕ БЕРБЕЙТ. АНТКЕНИ, ӨТӨ ТАТААЛ ЖАНА МАЙДА ЖУМУШ. ЧАЯН БИР НЕЧЕ БӨЛҮКТӨН ТУРУП, АТТЫН БИР НЕЧЕ КЫЛЫН АЛГАЧ ТЕГИЗДЕП, БАРАБАР КЫЛЫП КЫРКЫП АЛЫП, БИР УЧУНАН КАБАТТАЛГАН ЖИБЕК ЖИП МЕНЕН БЕКЕМ ЧЫРМАЙТ. БҮТКӨНДӨН КИЙИН ЖЫГАЧКА ҮЧ ОРОП, ЧЫРМАП ТУРУП, ТЕМЕНЕДЕН ЧАЧ ӨРҮМДӨЙ КЫЛЫП ӨТКӨРӨТ. БУЛ ЧАЯН ДЕП АТАЛАТ. ЧАЯН ТУШ КИЙИЗДИН ПАПИГИНЕ, САЙМА ТЕРДИКТИН КАНЖЫГАСЫНА, АК КАЛПАККА КОЛДОНУЛАТ. ОШОНДОЙ ЭЛЕ УШУНДАЙ ЫКМАЛАР МЕНЕН БИР ТҮСТҮҮ БИР НЕЧЕ ЖООН КЫЛЫП КАБАТТАЛГАН ПАХТА ЖИП ТҮРДҮҮ ТҮСТӨГҮ ЖИПТЕР МЕНЕН ҮЗҮЛБӨСТӨН БИР-БИРИНЕ УЛАНЫП ЧЫРМАЛЫП, ТҮЙҮЛӨТ.ТҮЙҮЛГӨН ЧАЯНДЫН ЧАЧЫКТАРЫН МОНЧОК МЕНЕН ТӨКМӨ ЧАЧЫК КЫЛЫП, ТӨГҮП, ПАПИК ЖАСАП, КООЗДОП КОЙСО ДА БОЛОТ.

БУЛ БОЗ ҮЙГӨ КЕРЕКТЕЛҮҮЧҮ ЖЕЛБОО ДЕП АТАЛАТ.

## С А ЙМ А

Сайма бир нечеге түрлөргө бөлүнөт. Анын ичинен жаза сайма, бул нукура кыргыздын саймасы. Жаза сайманы кыргыздын түрдүү оймолорун, гүлдөрдү, табият көрүнүштөрүн,канаттуулардын жана башка кооздуктарды түшүрүп,туш кийизге, кийимдерге



жана ушул сыяктуу көп буюмдарга сайса болот. Жаза сайманын четтерин илме сайма менен кооздоого болот. Жаза сайманы саярда эң оболу илме сайманы тигип алат.

Терс кайрык саймасы. Бул кездемеге өтө майда сайылат. Ошого жараша көп убакытты, талап кылат. Сайылышы татаал болгону менен өтө кооз түшөт. Ал кездеменин ички бетине сайылып, гүлдөрү сыртына түшөт. Бул сайманы бизде анчейин көп эле сая беришпейт. Айрыкча, чоң-алайлык, памирлик кыргыздар сайышат.

Илме шибеге менен сайылган сайма. Атайын жасалган касканга кездемени бекемдеп тигип, биринчи карандаш, же туз менен оюуларын чийип алып, анан жибек жиптер менен шибеге илип сайылат.

## КУРАК

Курак түрдүү түстөгү кездеменин,теринин, кийиздин, таардын өңүнөн курашттырылып жасалган колдонмо буюм. Курак баркыт, жибек, кыжым, жүн, парча, атлас, сыяктуу баалуу буюмдардан жасалат. Мындан жакандос, жаздык,туш кийиз, жөлөнгүч буюмдарын жасашат. Акыркы мезгилдерде түрдүү курактарды айрыкча улуттук кийимдердин кооздугу үчүн да кошуп жатышат. Куракттын жылдызча, арча, каттама, омуртка,бөрүкөз,төрт бурчтук,каркыра тырнак, жоогазын, кыймыл, оюу сыяктуу түрлөрү бар.



Эгерде жаңы кездеме сатып алууга мүмкүнчүлүгүңүз болбосо, же таштап жиберүүнү каалабасаңыз кездемелердин калдыктарынан жана балдарыңызга чак келбей калган, бирок өтө эскирбеген кийимдерден да курап жасоого болот. Ар кандай жука жибек кездемеден тартып, калың жүндөн жасалган кездемелерди да пайдаланат. Өзгөчө бычууга жеңил, жылмышпаган, оңой жуулган жана бышкы пахтадан жасалган кездемелер баалуу болуп эсептелет.

Буюмдун көркү түстүн бир бирине айкалышына жараша болот. Жашыл, кара,көк муздак түстөргө кирет. Ал эми кызыл, сары,жашгылт жылуу түстөргө кошулат. Сыя-сары,кызыл-жашыл,көк-кызыл түстөр бири-бирине карама-каршы деп эсептелинип, айрыкча кызыл-кызгылт сары,сыя-көк, кочкул жашыл түстөр бири-бирине шайкеш деп эсептелинет.

Курактын түрлөрү жана аларды куроо жолдору.

«Жылдызча» курагы. 30х30 сантиметр көлөмдө жасай турган болсок, ал үчүн үч түстүү кездеме алабыз.

Фон үчүн 10,5 х 10,5 сантиметр сорт квадрат кесебиз.

Ушул эле материалдан 11,5х11,5 см. эки квадрат кесебиз. Кайра аны төрткө бөлөбүз.

Нур үчүн башка түстө 11,5х11,5 см эки квадрат кесебиз, төрткө бөлөбүз.

Борбор үчүн 10,5х10,5 см бир квадрат.

Үлгү боюнча кесиндилерди тигип, туурасынан жана тигинен бириктиребиз.Бул курактан жер төшөк, жаздык, отургуч, чайнек койгуч жана жапкыч, сумка жана башкаларды жасаса болот.

## «АРЧА» КУРАГЫ

Борбор үчүн 4,5х4,5 см. кесип алабыз. Эки түрдүү кездеме алып,флизиндеп, андан кийин туурасы 3,5 см болгон керегине жараша узун сызма кесип алабыз. Берилген үлгүнүн үстүнө борбордук квадрат коюп, анын тегерегине узун сызманы тигебиз. Түстөрүн алмаштырып, сандар боюнча катары менен тигип алабыз.

Курактагы кесиндилердин өлчөмү жасалган буюмга жараша өзгөрүлүп турат.

## КАТТАМА КУРАК

Үч түрдөгү кездеме даярдалат. Борбордук аянтка бир түр, эки түр кездемеден эни 3,5 см. болгон сызма кесип алабыз. Чийме боюнча бөлүктөрдү бириктирип тигебиз.

Каттама курагы төмөнкүдөй түргө бөлүнөт. Чымын канат, турба көчөт, бүтүн үй, жарты үй, каттама куракты түрдүүчө жол менен коюп, түрдүүчө дизайндарды түзсө болот.

Туш кийиз, жер төшөк, килемче, жаздык, сумка, пано жана кийимдерге кошсо болот.

## ОМУРТКА КУРАГЫ

Үлгү боюнча кесиндилеринен тигилген омуртка үйчөлөрдү суулар аркылуу бириктиребиз. Төрт бурчтуктардын өлчөмү боюнча көлөмүнө жараша чоңойтуп, же кичирейтип алса болот.

## ЖАСАЛЫШ ТАРТИБИ

А.Төрт бурчтуктар ( квадрат) 6х6 смден кесилет. Кызыл түр—12 даана,сары түр—5 даана, ачык жашыл- 4 даана, кочкул жашыл эки даана.

Б. 11,6 сантиметрден ачык жашыл түр-8 даана,кочкул жашыл-2 даана.

В. 16,6 сантиметрден кочкул-жашыл- 2 даана.

Биринчи катар менен экинчи катар бириктирилип, тизилет.

## «БӨРКӨЗ» КУРАГЫ

А . 4,4 сантиметр, 2 даана кызыл түр квадрат кесилет. 6,2 сантиметр.

Б. 6х6 сантиметр бир жашыл тик бурчтук кесилет.

В. 2 даана кара түр квадрат 2 диагональ боюнча төрт бөлүккө бөлүнөт.

Г.11х14 сантиметр бир жашыл төрт бурчтук диагональ боюнча 2 үч бурчтукка бөлүнөт.

Д. Четине 4х4 сантиметр ак түрдөн эки төрт бурчтук диагональ боюнча кесилет. Бул курактан жастыкча, килемче, жакандос, керебет жапкычтар,жууркандар жасалат.

Илгери кыргыздар бөрүкөз курагын көз тийүүдөн сактайт деп балдардын кийимдерине жана үй буюмдарына колдонушчу.

## «ТӨРТ БУРЧТУК» КУРАГЫ

Фон үчүн төрт бурчтук кесилет. Биринчи 12,5х12,5 см
экинчи 14х12 см.

андан кийин эки башка ондон төрт бурчтук 14х14 сантиметр жана 4-бурчтук 12,5х12,5 сантиметр кесилет.

Чоң төрт бурчтукту эки диагональ боюнча төрткө бөлөбүз. Ал эми кичинекей төрт бурчтукту бир диагональ боюнча экиге бөлөбүз. Бул курактан жаздыкча, килемче, жакандос, керебет жапкычтар, жууркандар жасалат.

## «Каркыра тырмак»

Бул курактын бир нече аталышы бар. « Тумарча», «Чымын канат». Курак үчүн эки төрт бурчтук кесилет. Биринчиси 4х4 сантиметр, экинчиси 6х6 сантиметр. Кичинекей төрт бурчтук диагональ боюнча бир жолу кесилет. Чоң төрт бурчтук болсо эки диагональ боюнча төрт бөлүккө бөлүнөт. Чоң үч бурчтукка эки жагына эки кичинекей үч бурчтук тигилип, бириктирилет. Чымын канат курагы туш кийиздердин, жаздык,жөлөнгүч, кийимдердин суусу катары колдонулат.

## «Жоогазын» курагы

«Жоогазын » гүлү-бул жаз айынын жарчысы, жаштыктын, сүйүүнүн символу. Муну көбүнчө кыздардын себин даярдоодо колдонсо болот. Бул курак килемчеде жакандосто, жаздыкчада жана жабууларда колдонсо болот.

жасалыш тартиби:

Төмөнкү өлчөмдөгү кесиндилер кесилет:

а. 6х6 сантиметрдеги 48 даана жашыл квадрат.

б. борборуна 6х6 сантиметр көк же жашыл бир төрт бурчтук.

в. 7х7 сантиметр болгон сары-кызыл тик бурчтук кесилип, эки диагональ боюнча төрткө бөлүнөт.

г .7х4 сантиметр тик бурчтуктарды кесип диагональ боюнча бөлөбүз. тик бурчтуктуу үч бурчтуктар пайда болот. Кызыл түстөн 8 тик бурчтук, сары түстөн 4 жана, сары-кызылдан 12.

д . 6х6 сантиметр кызыл түстөгү 4 төрт бурчтук кесебиз.

Төрт бурчтуктун үстүнө үч бурчтуктун чокусун, ал эми аягын төрт бурчтуктун дал ортосуна келгидей кылып көп, тигебиз жана артка кайрып коебуз.

Ушул эле төрт бурчтуктун экинчи жагына үч бурчтукту коюп, жогорудагыдай тигебиз да, артка кайрып коебуз. Үстүнөн бастырып тигип, кайрып үтүктөп алгандан кийин чекесинен баштап бириктиребиз.

## «Кыймыл» курагы

Каалаган чоңдуктагы төрт бурчтук кесебиз. Үлгүдөгүдөй төрт бурчтуктарды бириктиребиз. Ортосу болгондон кийин үч бурчтуктарды катары менен айлантып тигебиз. Улам кийинки үч бурчтук көлөмү эки эсе чоңое берет. Ошондой эле түстөрдү башкача жайгаштырса болот.

## «Оюу» курагы

Тор дептерге каалаган оюунун чиймесин чийип, төрт бурчтуктарды кесип, үлгү даярдайт. Каалаган оюну квадраттар негизинде түзүп алса болот. Килемчелер жабуулар жасалат. Бул курактан буюм кооз көрүнүшү үчүн карама-каршы түстөрдү колдонуу керек.

Көк тиреген чокулар көргөн адамды кайдыгер калтырбай, көңүлүн көкөлөтүп,шык чакырат. Ким билет, а балким кечки көлдүн күзгүдөй чагылышы качандыр бир адамга оймонун сырларын гана эмес анын жасалгалоо, жаралыш сырларын ачкандыр. Ал сырлар, жасалгалар шырдак менен ала кийизге катылгандыр.

Кыргыз оймолору. Фрунзе.Кыргызстан 1986.

# Шырдак

## Кийиз жасоо ыкмасы

Шырдак жасоо үчүн кылчык эмес уяң же жарым уяң жүндөр



алынат. Эгер азыраак кылдары болсо кылдап ( кылын сууруп) шакмарларын алып, чөп-чарын тазалап, эки-үч күнгө кургатуу үчүн жаят. Кургагандан кийин койдун жүнүн өзүнчө, козунун жүнүн өзүнчө сабайт. Сабаган жүндү майдалап, кой кырккан кайчы менен же атайын жүн кескич менен кыркылат. Кайрадан ар бир койдун жүнүнөн ченем менен алып аралаштырып биригип калганча сабайт. Сабалган бир түстөгү гана жүндү чийге басып туруп, ала кийиз жасоо ыкмасындай элек жасайт.

Бир чийлүү кийиз жасаш үчүн 5-6 килограмм жүн колдонулат. ( Сабала электе 10 килограмм алыш керек). Кийиздин калыңдыгы 0,5 сантиметр.

Боей турган болсо боеп же натуралай түрдө кийизден жасай турган шырдактын өлчөмүн ченеп кесип алат.

Эгер шырдактын өлчөмү 2х1 болсун десек бычканда 2,1х1,1 кылып кийизди кесүү керек. Чекесинен 5 сантиметр ашык коюп кийиздин ортосун таап, түз сызыктар менен чийип алат. Бир бурчуна сала турган оюну чийип калган бөлүгүнө оюну симметриялуу түшүрүү керек. Мисалы, ак кийиз алып, кара кийиз менен



беттей турган болсок, кара кийизге чиебиз. Кийиздин оң бетинин артына кийинки кийиздин он бети келгендей кылып коюп, оюну ички бетине түшүрөт. Чекеси көктөлөт, бычак же кайчынын жардамы менен оюну кесет.

-Жерге эки бөлүп тегиздеп жайып оюуларын туура келтирип алабыз да

бири-бирине адашып кетпес үчүн ийне жип менен бир-эки илип бекитип коет.

Бир оюлган шырдактан эки шырдак чыгат.

### Жөрмөп тигүү

Кесилген оюуну бириктирип жээк менен кошо кармап тигүү жөрмөп деп аталат.

Жөрмөө үчүн кийиздин өңүн ача тургандай жээк тандап алат. Жөрмөлүп бүткөндөн кийин үтүктөп, чекесин тегиздеп коет. Жөрмөлгөн шырдактын бетине бир өңчөй кара кийизди ичтейт ( ичи сыртынан 5 см ашыгыраак болушу керек). Чекесинен жана узун-туурасынан көктөп туруп, ортосунан баштап жээктеп 1 см. Алыстыкта оюуну бойлото шырыйт. Арты менен бетин бирдей шырууга аракет кылуу керек. Шырыктардын ортосу 2-3 мм болгону жакшы. Бардыгын шырып бүткөндөн кийин үтүктөп, кайрадан тегиздейт да чекесин жээктеп тигип бекитет. Шырдак жасоо ошентип аякталат.

2х1 м өлчөмүндөгү шырдак жасоо үчүн эки ай талап кылынат, пайдалануу ордуна жараша 5тен-20 жылга чейин колдонулат.

Шырдак 30-40 жыл чыдаса, ала кийиз эки эсе аз чыдайт. Аны жасоо да эки эсе жеңил

## Ала кийиз

Ала кийиз ак, кара, көгүш, боз, кызгылт койдун жүндөрүнүн табигый өңүнөн алып жасалгандыгынан улам айтылып калган.



Ала кийиз жасоо эзелки ыкмалардын бири болгон.Ала кийиз жасоо үчүн кара жүндү чийдин бетине эки сыйра туурасынан жана узунунан калыңыраак басып ( жулуп) салат, андан кийин бетине түр ( оюу) салуу үчүн атайын тытылып, даярдалган башка өңдөгү жүндү пайдаланышат. Жүндүн үстүнө оюу салынып, оюунун ичи түрдүү түстөгү жүн менен толтурулат. Кара койдун жүнү астыңкы бетине, ал эми түрдүү түстөгү койдун жүнү үстүнө оюу салууга колдонулат. Оюулар уздун фантазиясына жараша көп түрдүү болуп өзгөрүлөт.

Кайнак сууну шыпыргы же лейка менен сээп, чийди тезинен тыкан ороп алгандан кийин аркан менен чий узунунан жана туурасынан таңылат. Таңылган чийдин ортосунан өткөрүлгөн узун жипти бир адам ары-бери сүйрөй тартат да, калгандары негизинен жаштар бир саатка чейин тебишет. Кээде узун шырык



чий менен кошо оролуп, атка чегилип сүйрөтүлөт.

Бир сааттан кийин кайнак суу куюп дагы бир саат тепкилөө керек.Чийди тигинен 5-10 мүнөт коюп, суусун сарыктырып алгандан кийин чийден чыгарып, кийиз жылуу кезинде аны чийдин үстүнө салып,кыз-келиндер билектеп алты жолу эки жак учунан тең ороп басышат.Басылып бүткөндөн кийин кийизди узунунан төрт бүктөп тоголоктоп туруп муздак суу менен кири кеткиче жуушат.

Оюу так түшпөстөн, бири-бирине жуурулушуп бүдөмүк түшөт.Ала кийиз бат жасалат, бирок колдонуу мөөнөтү да аз. Көбүрөөк убакытка колдонуу үчүн 2-3 жылда 1 жолу ысык суу куюп жана билектеп басып бышырып туруу керек.

Килемдин куду өзү... кокту-колоттордо ак менен кыюу салгандай ала телек кар жатат, көгү жаныдан кылтыйып келаткан айдын жерлер байчечекейлер менен жыбырата саймаланган.

Байчечекей-алгачкы жаз кабарчысы, жаштар көксөп күткөн гүл.

## Килем

Килем жасоо үчүн ага негизинен койдун жазгы жана эчкинин жүнүн пайдаланса болот. Эң оболу жүндү күнгө жайып, же от жаккан мезгилде мештин жанына коюп кургатып, тазалап,андан соң, жүндү түсүнө карап, өз өзүнчө ийрип алат. Килемдин түгү үчүн даярдалган жип бош ийрилет. Ийрип бүткөндөн кийин аны жылуу суу менен айнага чылап коет да, 15-20 мүнөттөн кийин жууп, тазалап, илип коет. Жип кургагандан кийин аны каалаган




түскө боеп, же табигый түсү менен килем соксо да болот.

Килем согуу үчүн ага алгач эриши пахтадан, же жүндөн ийрилген жиптен даярдалат. Аркагы эришине караганда көтөрүңкү болот. Ал да пахтадан ийрилген жиптен даярдалат.

3,5 метрлик килем үчүн узундугу 2 даана 5 метр өлчөмүндөгү труба, же тоголок жыгач,туурасына 3 метрлик труба, же жыгач керектелет. Аларды узун-туурасынан коюп, төрт четин мык менен бекемдейт. Анан даяр эриш жипти алып, узунунан жүгүртүлөт. Андан соң жүгүртүлгөн жиптин туурасынан күзүк байланып, күйөө өткөрүлөт. Килем согуунун алдында дайыма жакшы тилектер айтылып, батаа кылынат. 3,5 метрлик килемди согуу үчүн төрт кыз-келин иштейт. Ар бири бирден токмок, бирден бычак, кайчы пайдаланат. Ар бир аркак өткөрүлүп, түк байланган сайын токмок менен согуп, түктү бычак менен кесип, кайчы менен тегиздеп олтурат.10-15 сантиметр түксүз согулгандан кийин, килемдин ээсинин табитине жараша оюу, же гүл түшүрүлүп, түк байланат. Ошондуктан, бул түктүү килем болот.

Килемдин узундугунун эки башы белгиленген өлчөмдө түксүз согулуп, эки жаңы жип менен чырмалат.

3,5 метрлик килем үзгүлтүксүз согулса бир айга жетпей бүтөт. Бул килем жалаң табигый жүндөн согулгандыктан, адам баласынын ден соолугуна пайдалуу жана жылуу болот.

Килемдин баарына эле түктүү боло бербейт. Кээде түксүз, анан жарым түктүү килемдер да согулат. Жарым түктүү килемде оюуларга жана гүлдөргө гана түк байланат да, жердигине түк байланбайт. Согуу ыкмасы кадимки түктүү килемдей болот.

Нукура түксүз килем түк байланбайт, оюуларга, гүлдөргө үч

түстөгү жипти чүйкөө кылып даярдап, арасынан аркак сымал өткөрүлөт. Согулуу ыкмасы жана дүкөндөрү түктүү килемдей эле болот.

## Ч и й



Чий саздак жана тоолуу жерде өсөт. Чий боз үйгө,үйдүн ашка-насына пайдаланылат. Ошону менен бирге чийди түрдүү өлчөмдө кооздоп панолорду жа-сап, ар кыл оюуларды, сүрөттөрдү түшүрүп, үйдүн дубалдарына илип койсо болот.Боз үй үчүн бирдей көлөм-дөгү чийди актай соксо да болот жана түрдүү түстөгү жүндөр менен оюуларды салып чыр-маса да ошончолук кооздукту пайда кы-лат. Мындан тышкары түрдүү көлөмдөгү чийди ар кыл оюуларды, жаратылыштын кооздуктарын жана адамдын бейнесин, ушул сыяктуу көрүнү-штөрдү түшүрүп, чырмасы болот.

### Чийди согуунун ыкмалары.

Эң оболу чийди тазалап алуу керек. Андан соң, бардыгын бирдей өлчөмгө келтирүү үчүн тегиздеп кыркып алуу зарыл. Кийин чырмала турган койдун жазгы уяң жүнүн жууп-тазалап, кургатып, ар кимдин өзүнүн каалоосуна жараша түрдүү түскө бое керек. Түс берилгенден кийин пахтадан,жүндөн, кендирден жиптерди ийрип, каттап чыйратып, даярдайт. Чийдин өлчөмүнө жараша көлөмү орточо болгон алты сүйрү узун ташты алып, да-ярдалган жиптерди ошол таштарга айландыра чырмайт. Чий со-гуу үчүн атайын үстү тоголок, эки буту ача тургузулган тактай-га аралыктары бирдей өлчөмдөгү жип оролгон таштар коюлат. Ошентип, баары даяр болгондо бирдей өлчөмдөгү жип оролгон

таштарды катары менен алдыдагы таштарды артка кайчылаштырып өткөрүп, арттагы таштарды алдыга кайра кайчылаштырып таштап чийди сого баштайт. Беш-алты чий согулгандан кийин эгерде гүл сала турган болсок, боелгон жүндөрдү алып, чийди чегип, өзүбүз тандаган оюуларга, же гүлдөргө жараша чырмайт.

### Чийдин түрлөрү

Чийди камыштан, чырпыктан чырмап, түрдүү сувенирлерди, буюмдарды жасаса, боз үйгө пайдаланса да болот.

## Тери менен иштөө

Илгертен бери эле кыргызда үй жаныбарларынын териси



көп иштетилип келген. Аны даярдоонун да ыкмасы бар. Жаңы союлган малдын терисинин бетиндеги канды бычак менен сыдыра тазалап, көлөкө жерге коюп, тузду тегиз сээп коет. Кургагандан кийин айранды кадимки кир жууй турган айна порошогун аралаштырып, теринин бетине төгөт да, тегиз шыбайт. Андан соң,терини ашатуу үчүн бир жагы таракта жыгач менен бир нече убакытка чейин төгүлгөн айранды ары-бери сүргүлөө керек. Бул эреже алты күн бою кайталанып, ар бир күнү жайылган тери төрт бүктөлүп,кайра жайылып эгерде ал бир нече тери болсо, бир-бирине чогуу таарга тапталып ороп коюлат. Эртеси эртең

менен кайрадан көлөкө жерге коюлуп, күндөгү эреже кайталанат. Эгерде күн сайын ушул тартипте ашатылып турулбаса, жүнү жыдып түшүп калат. Ашатылган тери көлөкө жерде кургатылып, айналап жуулат. Жуулуп бүткөндөн кийин аябай силкилип, тери жагы алдыга калтырылып, жүн тарабы күнгө каратылып, жипке арта салынат. Тери кургап бүткөндөн кийин бети оңдолуп, бычак, чалгы, дегиси мизи бар курал менен кырылат. Кургандан кийин тери эки күн бою тынымсыз ийленет. Ар бир ийленгенде бут менен тебеленип, кол менен бурап тартылып,анан тегиздеп кайра тартылат да, кайрадан төрт бүктөп, мурдагы калыпта таарга ороп коет. Анардын кабыгын казанга суу куюп, бир жарым саат кайнатып, андан кийин чакага куюп коюлат да, муздагандан кийин анардын кабыгын кол менен эзип, электен өткөрүп алат. Ага 300 грамм ак майды, сары жүн боекту кошуп кайрадан кайнатылат. Муздагандан кийин ийленген терини жайып, кол менен тегиздеп шыбап, бир сутка бою көлөкө жерде жайылып, кургатылат. Сары төгүлгөн теринин бетин бир суткадан кийин, бычак менен акырындап тегиздеп кырып, кайрадан терини ийлеп тартат. Күн сайын бул жумуш бүткөндөн кийин төрт бүктөп, каттап таарга ороп коет. Бул ыкма үч күн бою кайталанат, белгилүү күн өткөндө тери толук бышырылып, ийленип, даяр болот. Анан андан көлдөлөң, жөлөнгүч, тон,тебетей,кемсел,ичик, маасы, өтүк супура жасаса болот.

Ошентип, кыргыздын улуттук буюмдарынын ар биринин жасоо ыкмасы, өзгөчөлүгү жана пайдалануу, пайдалуу жактары болот. Бул буюмдар эзелтен чеберлер аркылууу муундан муунга калтырылып келген. Ал буюмдар мезгилине жараша жаңыланып турганы менен мазмунун жана маанисин жоготпой келет.

Аягында: Мен бул китепти азыркы жаштар жана кол өнөрчүлүккө кызыккан кыз-келиндер окуп,үйрөнүп, өз турмушунда колдонушу жана алар аркылуу муундан муунга калтырылышы үчүн сунуш кылдым. Анткени, ар бир кыргыз аялдары кол өнөрчүлүктү аздектеп, энелердин улуттук мурасын билип жүрүүсү абзел.

# Иш учурунан ирмемдер


















NANATEX






кыздар















# Кол өнөрчүлүк буюмдары




























1981-ЖЫЛ. 15/II




































Улуу тоонун урпагы,
уулу болом кыргыздын.
Уучтап чачпай чогултуп,
улутум ондойм кыргызым.
















# Чет өлкөдө












DOS CREDOBANK
IN
ЭЛ АРАЛЫК «ОЙМО» ФЕСТИВАЛЫ
Oimo
МЕЖДУНАРОДНЫЙ ФЕСТИВАЛЬ «ОЙМО»
INTERNATIONAL «OIMO» FESTIVAL




KG
кыргызстан
AF
афганистан














CORNER



# Ì AÇ Ì Ó Í Ó


Чеберчиликтин сырлары ........ 3

Уздук өнөрдү аздектеп ........ 4

Кыргыздын улуттук буюмдары: Боз үй ........ 15

Кыргыздын улуттук буюмдары:өрмөкчүлүк ........ 19

Жиптен токулуучу чачыктар ........ 22

Чаян тийүү ........ 24

Сайма ........ 26

Курак ........ 26

Шырдак ........ 31

Ала кийиз ........ 33

Килем ........ 34

Чий ........ 36

Тери менен иштөө ........ 37

Иш учурунан ирмемдер ........ 39

Кол өнөрчүлүк буюмдары ........ 47

Чет өлкөдө ........ 61

# Тотукан Өскөнбаева

# Эне мурасы
(Иш тажрыйба)

Редактор: Мубара Абдулатипова.
Техникалык редактор: Жумадин Кадыров.
Дизайнер: Таттуу Маткалыкова.

Нускасы 1000.
"Бийиктик" басмасы.
Бишкек шаары.
Ю.Абдрахманов көчөсү 170 "А".



Тотукан Өскөнбаева-1942-жылдын 12-сентябрында Таш-Көмүр шаарына караштуу Кызыл-Алмач айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Токмоктогу маданият окуу жайынын китепкана бөлүмүн бүтүргөн. Эмгек жолун 1960-жылы Таш-Көмүр совхозунда табелчи болуп иштөө менен баштап,китепканачылыктан улантып,1963-1990-жылдардын аралыгында мына ушул кызматта иштөө менен кыргыз улуттук кол өнөрчүлүгүн аздектеп, мектепте кол эмгек ийримин жетектеген. Андан соң,“Мээрим“ фондусунда, ЖАМУда,сүрөтчүлөр мектебинде, Жалал-Абад экономика жана ишкердүүлүк университетинде кыргыз улуттук кол өнөрчүлүгү боюнча сабак берген. Ошону менен бирге 2000-жылдан тартып, “Тотукан“ коомдук бирикмесин уюштуруп,бул өнөргө кызыккан кыз-келиндерди кол өнөрчүлүккө үйрөтүп келет.